**ДӨӨЛӨТБАКОВА Р.Ж.,**
Ж.Баласагын атындагы КУУнун
Юридикалык институтунун
Тилдер кафедрасынын улук окутуучусу

# КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАГЫНДА ИНТЕРАКТИВДҮҮ ӨЗДӨШТҮРҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ

Кыргызстандын билим берүү системасы бир кыйла жаңыланып, дүйнөлүк билим берүү тармактарындагы жетишкендиктерди пайдалануу иштерин жүргүзүп жаткандыгы белгилүү.

XX кылымдын экинчи жарымынан кийин бүткүл дүйнөдө байланыш технологиясы тармагында өтө тездик менен өнүгүү, ааламдашуу процесси, илимий-техникалык жана технологиялык жетишкендиктер, уюлдук, спутниктик байланыштар, интернет, кабелдик көрсөтүү, дүйнөнүн ар кандай бурчунан кабар окуу, жазышуу, маалымат алуу мүмкүнчүлүгү жаралды.

Өкмөт, Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан кыргыз тилин инновациялап окутуунун мыйзамдык негиздерин иштеп чыгууга карата активдүү иш-чаралар аткарылып, ал Жогорку Кеңеш жана Президент тарабынан колдоого ээ болууда. Бул милдетти чечүү үчүн тилди пайдалана билүүнүн жана үйрөтүүнүн дүйнөлүк педагогикалык процессте оң натыйжа бере турган туундуларын колдонуу, дүйнөлүк билим берүүнүн алдыңкы тажрыйбаларын, окутуу жол-жоболорун үйрөнүү зарылдыгы келип чыкты.

Кыргыз тилин окутууга коюлган талаптарды турмушка ашыруу үчүн баарынан мурда, кыргыз тилин окутууга болгон мамилени, түшүнүктү дүйнөлүк билим берүүнүн азыркы талаптарына ылайык толуктап, жаңылап, ийгиликке жеткен окутуунун активдүү формаларын пайдалануу керек. Кыргыз тилин азыркы талапка ылайык окутуунун активдүү формаларын издөө, үйрөтүүнүн жаңы ык-жолдорун, каражаттарын караштыруу, салттуу сабактарды формалык жана мазмундук жактан инновациялоо зарыл.

Мында мугалим ар бир студент-жарандын билимди кабылдоо мүмкүнчүлүгүн, эмоционалдуу табиятын, инсандык касиетин, руханий адеп-ахлактык кудретин аңдаштыруу аркылуу алардын жеке юридикалык кесиптик кызыкчылыктарын эске алуу менен бирге үйрөтүү жолдорун, ыкмаларын аныктоо керек.

Кыргыз тилин бир гана тил боюнча билим берүүчү жана билгичтиктерин калыптандыруучу сабактар аркылуу ийгиликке жетишүү максаты менен гана чектелбестен студенттердин юридикалык кесиптик багыт боюнча шык жөндөмүнө таянып, өркүндөтүү багытында иш чараларды уюштуруу өзгөчө мааниге ээ болот. Мында кыргыз тили предметтик маалымат берүүнү гана көздөбөстөн, натыйжалуу пикирлешүүнү аткарууга тийиш б.а. алган билими аркылуу ар кандай кырдаалга жараша кыргыз тилинде так жана таасирдүү, туура жана чечкиндүү эркин сүйлөөсүнө жетишүү болуп саналат.

Тил бул белгилүү бир гана сөз түркүмдөрдүн жыйындысы эмес, ал кыргыз тилинде пикирлешип жаткан адамдардын ошол тилде айтылган бардык кепти туура жана жеткиликтүү түшүнүп кабылдоосун да камсыз кылууга тийиш. Ошондуктан тилдин негизги грамматикалык түзүлүшү – сөз, сүйлөм, же лексика, морфология, синтаксис – толугу менен өз ара пикирлешүүгө коммуникациянын предмети катары сабактын мазмунун ээлөө менен керектелүүчү көндүмдөрдү жаратуучу процесс катары кириши керек. Ошондой эле, мында айтуу, угуу, окуу, жазуу ж.б. өз ара тыгыз байланышта туруп, кыргыз тилинин пикирлешүүдөгү негизги кызматын аткаруусу зарыл.

Угуу жана угуп түшүнүү – бул тил үйрөнүүдө негизги жөндөмдөрдүн бири. Тил менен алгачкы таанышуу, ал тилдин негизги өзгөчөлүктөрүн аңдаштыруу да мына ушул

жөндөм менен ишке ашат. Мындай жөндөм адамдын сабаттуу же сабатсыз экендигине же жашына карабай колдонулуп келет, б. а. кат-сабаты ачылган бала да мына бул жөндөмдүн ишмердүүлүгү менен тил үйрөнө алат. Ошондой эле тил үйрөтүүгө багытталган бардык мекемелер тил үйрөнүүдө угуу жана угуп түшүнүү өтө маанилүү орунду ээлей тургандыгын белгилөө менен ага артыкчылык беришет.

Угуп түшүнүү жөндөмү өз ара кептешүүдө, сабакта ар кандай темалар жана тексттер менен айтып же окуп таанышууда, аудио техникаларын пайдаланууда, видео көрүп жана угуп жатканда жүзөгө ашырылат.

Окуу жана окуп түшүнүү – белгилүү бир тилди өздөштүрүү үчүн иштелип чыккан эрежелерден турган, ал эрежелерди (тамгаларды, аларды курап окууну, грамматикалык эрежелерди өздөштүрүү) үйрөнүү аркылуу сезүү органдарынын катышы менен ишке ашырыла турган жөндөм. Окуу үйрөнүп алган тамгалардын негизиде текстти механикалык түрдө кайталоо эмес,  тескерисинче анда айтылган ойду окуп түшүнүү, андагы маанилерди бирин экинчисинен айырмалоо менен ал жерде баяндалган маалыматты талдай билүүгө жетишкен ишмердүүлүк болуп саналат. Ал адамдын физиологиялык, руханий жана акыл-билим эмгектерин бирдей аракетке келтирүү аркылуу көрүү, эске тутуу, окуу жана өз алдынча талдай билүү иш чараларын толугу менен ичине алган процесс болуп эсептелет да тил үйрөтүүдө негизги жөндөмдөрдүн бири катары орун алат.

Сүйлөшүү – адамдардын өз ара пикир алышуусун жетекчиликке алган, ошону менен бирге тилдин адамдардын катнашындагы маанилүү ролун аныктай ала турган жөндөм. Сүйлөшүү жөндөмү адамдардын үн чыгарып гана айтып коюу аракетине таянбастан, пикирлешүүнүн жалпы эрежелерин да ичине алат. Тил үйрөтүүчү ошол эрежелерге таянуу менен үйрөтүүнү көздөйт, б.а. Мамлекетик тилди үйрөнүп жаткан адам үн тонун туура коюп, ар бир тыбышты же сөздү туура айтууга, муундарды өзүндөй ажыратууга жана сөздөрдү, сүйлөмдөрдү туура байланыштырып, басымды туура колдонуп, кыргыз тилинин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен пикирлешүүнү шарттайт. Албетте, ал бир тараптуу (монологдук речь) же кош тараптуу (диалогдук речь) аткарууга тийиш.

Жазуу – тил үйрөтүүдөгү негизги максаттардын бирин ичине алуу менен ал студент-жарандардын жазуу ишмердүүлүгүн жетекчиликке алуу аркылуу жүзөгө ашуучу жөндөм. Жазуу жөндөмү студент-жарандардын көргөн-билгендерин, ички сезимдерин, керектүү ойлорун, пландарын өзүнө жана башкаларга түшүнүктүү кылып берүү үчүн кагазга түшүрүлгөн иш чаралар менен коштолот. Ал жазуу аракетин гана көздөбөстөн, адамдардын ортосундагы толук кандуу карым-катыштын куралы катары кызмат кылгандыгы менен айырмаланат. Мамлекеттик тилдеги жазуу эрежелерин үйрөнүү студент-жарандардын официалдуу аракетин жөндөп туруучу бардык ишмердүүлүгүн, өзгөчө жазуу эрежелери аркылуу жарандын сөздүк корун, орфографиялык жана пунктуациялык эрежелерди өздөштүрүүсүн да камсыз кылат. Жазуу иштерин үйрөнүү туура жазууга калыптандыруучу багыт болуп саналат.

Тил бирдиктерин өзүнчө бөлүп окутпастан, тилди текст түзүүчү, ойдун берилишине жана калыптанышына кызмат кылуучу каражаттар катары, коомдук-социалдык, улуттук, улуттар аралык, мамлекеттер аралык функциясы, мааниси менен айкалышта окутулушу зарылдык болуп калды. Студент-жарандардын коммуникативдик компетенциясын, өз алдынча текст түзүү жөндөм-шыгын, текстти талдай алуусу, мыкты сүйлөөсүн камсыз кылуу, кеп ишмердигин өркүндөтүү зарыл.

Ар түрдүү мезгилдерге ылайык чөйрөгө ыңгайлашып керектүү билимге ээ болууну баардык кырдаалга туруштук берүүчү инсанды тарбиялоо маселелерин инновациялоону педагогиканын  көрүнүктүү, өкүлдөрү: Я.А.Коменский, Ж.Ж.Руссо, Ф.А.Дистербег, И.Г.Песталоцци,

В.А. Сухомлинский, К.Д.Ушинский, Л.Н.Толстой ж.б. андан кийин Ш.А.Амонашвили, С.Н.Лысенкова, Е.Н.Ильиндин ж.б. иш-тажрыйбаларында жүзөгө

ашырылып, окумуштуу-методисттер тарабынан өнүктүрүлүп, жыйынтыгында окутуудагы интерактивдүүлүк, интерактивдүү окутуу, инсанга багыттап окутуу концепциялары иштелип чыгып, билим берүүнүн эң бир актуалдуу стратегияларынын бирине айланып отурат.

Интерактивдүүлүк – бул студент-жарандын жөндөм-шыгына, суроо-талаптарына негизделип, билим берүүнүн жемиштүүлүгүн арттырууга, өркүндөтүүгө жана ички жаңылануга (инновациялоо) багыттап окутууга болгон мамиле, дидактикалык иш-аракеттердин өзүнчө бир системасы.

Интерактивдүү методдор менен сабак өтүүдө мугалим басымдуу насааатчы, окутуу процессинин ыраттуу өнүгүүсүнө багыт берүүчү катары иш алып барат. Мында студент-жарандардын өз тажрыйбаларына таянып, маалымат топтомдоруна, өз алдынча маанилүү көйгөйлүү маселелерди кое билүүлөрүнө көңүл бурат.Студент-жарандар тапшырманы түшүнбөй же темадан четтеп кетсе, аларга багыт берип, билимге жана тийиштүү көндүмдөргө ээ болууларына өбөлгө түзөт. Окутуудагы интерактивдүүлүк өз ичине ар кандай дидактикалык интерактивдүү оюндарды, өз демилгелүү, аракетчил инсанды калыптандырууга багытталган ич ара гумандуу мамилени да камтыйт. Мисалы: «Кыргыз Республикасы – Эгемендүү мамлекет» деген жаңы темага киришерден мурда мамлекетке байланыштуу материалдарды жалпы кайталоо, студент-жарандардын эсине салуу зарылдыгы бар. Бул максатта Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-бөлүмүнүн 1-беренесиин негизинде иш алып баруу оң натыйжа берет.

Жөнөкөй суроолор. Жөнөкөй суроолор көбүнчө студенттин маалыматтык түшүнүгүн текшерүү максатында түзүлөт. Эгер студент программалык материалды жакшы билсе, берилген сууроого түк кыйналбай жооп берет. Мисалы: Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-бөлүмүнүн

1-беренеси эмне жөнүндө жазылган?

Жооп: Кыргыз Республикасы – (Кыргызстан) эгемендүү, демократиялык, укуктук, мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган, унитардык, социалдык мамлекет

- Мамлекеттин белгилери?

Жооп: Мамлекеттин белгилери: аймак, калк, тил, элдик бийлик, эгемендүүлүк, укуктук негиз, салык, экономика ж.б.

- Мамлекет – деген сөз кайсы тилден кабыл алынган?

Жооп: Мамлекет (араб тил.) – бул коомдук өнүгүүнүн белгилүү бир этабында пайда болгон жана коомдун саясий системасында бийликтин борбордук институтун түзгөн өзгөчө формадагы саясий түзүлүш.

Мамлекет – бул, белгилүү бир аймактын чегинде көбүнчө анык бир таптык, катмардык, жалпы коомдук, улуттук, диний ж.б. кызыкчылыктарды жүзөгө ашыруучу саясий бийликтин уюму. Мамлекет – жекече табиятына, маңызына, формасына ээ болгон толук кандуу өз алдынча тутум болуп эсептелет.

- Мамлекеттин маңызы?

Жооп: Мамлекеттин маңызы таптык, жалпы, коомдук, диний, улуттук, расалык болуп айырмаланат.

- Мамлекеттин формасынын элементтери?

Жооп: Мамлекеттин формасынын элементтери: Мамлекеттин башкаруу формасы, мамлекеттин түзүлүш формасы жана саясий режим.

- Мамлекеттин башкаруу формасы?


Жооп: Мамлекеттин башкаруу формасы – мамлекетик жогорку бийликтин уюшулушун, анын органдарынын түзүлүү тартибин, алардын эл менен өз ара байланышын мүнөздөйт.

МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ ФОРМАСЫ





Республика (лат.res publica – мамлекеттик коомдук иш) башкаруунун бир формасы, анда мамлекет башчысы шайланат жана алмашып турат, анын бийлигин шайлоочулар же өкүлчүлүктүү орган аныктайт.

- Мамлекеттин түзүлүш формасы?




Кыргыз Республикасы унитардык биримдиктүү мамлекет болуп саналат, курамында өзүнчө автономияга ээ болгон түзүлүш жок. Республика административдик-аймактык бирдиктерге гана бөлүнөт, атап айтканда, Кыргыз Республикасы админстрациялык жактан Нарын, Ысык-Көл, Талас, Чүй, Баткен, Ош, Жалал-Абад жети облустан турат, ар бир облус өз ичинен райондорго ажырап өз кезегинде райондор айылдарга, кыштактарга бөлүнөт. Жалпысынан республикада 40 айылдык администрациялык аймак, 22 шаар бар. Мындан тышкары республикага баш ийген шаарлар, облустарга жана райондорго баш ийген шаарлар бар. Бул административдик аймактык бирдиктер өзүнчө кандайдыр бир суверенитетке ээ эмес. Бирок, мыйзамдын чегинде, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аркылуу өзүлөрү үчүн маанилүү маселелерди чече ала тургандыгы менен айырмаланат.

- Саясий режим?




-

Демократия (элдин бийлиги) эки формада ишке ашат: тике (түздөн-түз) жана өкүлчүлүктүү. Түздөн-түз демократияда эл бийликти эч кандай саясий ортомчусуз өзү (түздөн-түз) ишке ашырат, б.а. жалпы шайлоо укугунун негизинде шайлоолорго, референдумдарга катышат.

Өкүлчүлүктүү демократия бийликтин элдин өкүлдөрү – депутаттар, аткаруу жана сот бийлигинин шайлануучу органдары тарабынан жүргүзүлүшүнө жол берет, өкүлдөр калктын ар түрдүү катмарларынын, социалдык топтордун, саясий партиялардын жана коомдук бирикмелердин кызыкчылыктарын эркин чагылдырат.

Демократиялуулук (грек тил) - «Эл бийлиги» деген түшүнүктү билдирет. Ал биринчи кезекте өлкөдөгү ар бир адам мыйзам алдында жооп берүүгө милдеттүү болоорун билип турат. Бул Кыргыз Республикасынын жарандарынын ар бир мыйзамга карата көз карашын билдирүүгө жана ага толуктоо киргизүү маалында талкууга түздөн-түз катышууга демократиялуулуктун чегинде ой-пикирин айтууга эркиндик берилет.

Тактоочу суроолор. Тактоочу суроолор каралып жаткан темадагы кайсы бир маселени тактоо максатында берилет. Мисалы: Кыргыз Республикасы – (Кыргызстан) эгемендүү, демократиялык, укуктук, мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган, унитардык, социалдык мамлекет. Кандай Декларация кабыл алынган?

Жооп: 1990-жылы 15-декабрда Кыргыз ССР Жогорку Советинин

2-сессиясында «Кыргыз Республикасынын Суверендүүлүгү жөнүндө Декларация» кабыл алынды.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 1991-жылдын 31-августунда «Кыргыз Республикасынынын мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндө Декларацияны» кабыл алган.

31-август – Эркин Кыргызстан күнү. Бул акты боюнча Кыргыз Республикасынын СССРдин курамынан чыккандыгын жана өз алдынча, эч кандай башка мамлекетке көз каранды эмес мамлекет болгондугун жарыялаган. Биздин мамлекетибиздин эгемендүүлүгүн башка мамлекеттер тааный баштаган.

Багыттоочу суроолор.Багыттоочу суроолор коюлган маселени чечмелөөгө жардамдаш, көмөктөш болуу максатында берилет. Мисалы: суверенитет, монархия, республика, унитардык, федерация, конфедерация, демократия ж.б. кандай сөздөр?

Жооп: Эл аралык сөздөр. Эл аралык сөздөр – өз ара тектеш эмес бир канча тилдерде бирдей мааниде колдонулуучу сөздөр. Бул сөздөр бардык тилге түп-нускада кандай айтылса, ошол бойдон тарайт жана колдонулат.

Ойлонтуучу суроолор. Ойлонтуучу суроолор студентти ойлонууга чакырып,коюлган маселенин үстүндө ой жүгүртө билүүгө көнүктүрөт.

Суверенитет - деген сөздүн мааниси кандай?

Жооп: Суверенитет (фран.ттил.) Souveraine- эгемендүүлүк жогорку бийлик үстөмдүүлүгү менен көз карандысыздыгы. Суверенитет – бул мамлекеттин башкаларга көз каранды эместигин гана билдирбестен, өзү жогорку бийликке ээ экендигин, өзүнүн ички жана тышкы иштерин өзү чечип, өз өнүгүүсүн өзү камсыз кылып, өзү үчүн жооп берет дегендикти билдирет.

Колдонулган адабияттар:

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. – Б.: “Академия”.- 2010.-Б. 2.
2. Н.И. Матузов, А.В. Малько. Мамлекет жана укук теориясы – М.: Юристь.- 2007. Б.62-71.